Омурова Айна Молдогазиевна«Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнчапедагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алууу үчүн уюштурулган 13.20.623 диссертациялык кеңешинин эксперти п.и.д., профессор Ж. А. Чымановдун эксперттик

БҮТҮМҮ

Эксперт, п.и.д., профессор Ж. А. Чыманов изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүлөрдү билдирет.

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши**

Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кеңештин профилине дал келет.

Диссертацияда изденүүчү 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги паспортуна толугу менен жооп берүүчү республиканын жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун илимий-методикалык айрым маселелерин аныктоого, аны заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жогорку окуу жайларындагы кыргыз тилин окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана методикалык-изилдөөлөргө талдоо;

2. Жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтеринде (концепция, стандарт, окуу план, программа, окуу китептери, окуу методикалык колдонмолор ж.б.)кеп ишмердүүлүгүнүн орун алуусу;
3. Дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери;
4. Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору;
5. Кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин оюндары, акын-жазуучулардын чыгармалары, «Манас» эпосу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну жана жолдору;
6. Кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин дидактикалык жана улуттук оюндары аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн ыкмалары, формалары жана модели;
7. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга акын-жазуучулардын чыгармаларын, "Манас" эпосундагы улуттук оюндарга багыттап окутуу технологияны практика киргип, жүзөөгө ашыруунун технологияларын, аларды келечекте өркүндөөтүүнүн жолдорунун тууралыгы эксперттик сыноодон өткөрүү, жыйынтыгын практика киргизүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** дене тарбия багытындагы жогорку окуу жайларындагы студенттерге кыргыз тили сабагын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмет:** дене тарбия адистигиндеги студенттерге кыргыз тили дисциплинасын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

**Изилдөөдө колдонулган методдор:** Диссертациялык изилдөөдө салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперменталдык жана статистикалык) колдондук. Илимий-теориялык методдун алкагында тандалып алынган темага байланыштуу нормативдик документтер, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынды, жалпылаштырылды, жыйынтыгында аткарыла турган илимий-изилдөөнүн жумушчу божомолу негизделди. Эмприкалык-практикалык методдун алкагында байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета толтуруу, тест жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын анализдөө жана синтездөө, сабактарга катышуу, талдоо, тажырыйбаларды үйрөнүү иштери жүргүзүлдү.Тажырыйбалык эксперимент мезгилдеги аныкталган кемчиликтер менен жетишилген ийгиликтердин пайыздык катышы аныкталып,

изилдөөдөгү жаңылыктар, өзгөчөлүктөр айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынды.

## 2. Диссертациялык теманын актуалдуулугу

Республикабыздын жогорку окуу жайларында бир канча жылдан бери кыргыз тили окутулуп келет, ЖОЖдун методикасынын бардык талаптарына жооп берген толук кандуу окуу китеби жок экени, ал эми программалар ЖОЖдун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кошумча иштелмелерди талап кылары жөнүндө жыйынтык чыгарууга жол түздү. Белгиленген окумуштуулардын эмгектеринде дене тарбия багытындагы мугалимдердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча изилдөөлөр болбогондугу биздин иштин актуалдуулуган айгинелеп турат.

Изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоодо практикада жолугуп жаткан төмөнкүдөй карама-каршылыктар менен чечилүүчү проблемалар эске алынган

1. Дүйнөлүк ааламдашуу, дүйнөлүк интеграция күчөп турган азыркы доордо кыргыз тилинин орду жана аны терең окутуу учурдун эң башкы талабы. Азыркы оош-кыйыштуу процесстердин агымы менен күн сайын тилибизге таасир этип жаткан көрүнүштөр улуттук тилибизди нукура бойдон сактап калууга жана аны өнүктүрүүгө түрткү берип жатат.
2. Башка тилдердин таасири күчөп жатканда эне тилибизге анчейин көңүл бурулбай калбас үчүн, студенттерге кылым карыткан карт тарыхы бар кыргыз тилинин байыртадан келе жаткан сөздүк корун окутууну, сөз байлыгын кеңейтүүнү, ачык, так, таза, орундуу, логикалуу, даана, адептүү сүйлөтүүгө үйрөтүү мезгилдин орчундуу талабы.
3. Азыркы социалдык шартта коомдогу ар бир жарандын сөз маданиятынын калыптанышы курч көйгөй жаратууда. Анткени азыркы жаштар интернет аркылуу бири-бири менен кат жазышуусунда кыска, ар кайсы тилдик таасирден улам түшүнүксүз сөздөр менен маалымат алышып, ошол “лексикондо” баарлашат. Бул көйгөй айрыкча тилчи адистердин гана эмес, тилдин тазалыгына күйгөн коомчулуктун да көйгөйлүү маселесине айланууда.

## 3. Изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык баалуулугу

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугутөмөнкүлөр менен аныкталат:

- дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу

баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды;

- студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

- дене тарбия багытындагы студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип чыгылды;

**Изилдөөнүн теориялык негизине** дене тарбия багытындагы студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуунун илимий багыттары, кыргыз тили сабагында кеп ишмердүүлүгүнө окутуунун методикасы, кеп маданияты илими боюнча илимий изилдөөлөр, инсанды дене тарбия жагынан өнүктүрүү теориясы, жеке инсандын сак-саламатчылыгына багытталган окутуу методологиясы, тилдик-коммуникативдик жактан окутуп-тарбиялоонун теориялык маселелери камтылат.

**Мына ушундай багыттарды изденүүчү тарабынан ЖОЖдордо кыргыз тили дисциплинасын окутууда төмөндөгүдөй жыйынтыктар камтылат**

1. Педагогикалык адабиятты анализдөө маалымдагандай, жогорку дене тарбиялык билимдин алдында коюлган учурдагы актуалдуу көйгөйлөрдүн катарында дене тарбиясы жана спорт боюнча адистерде заманбап кыргыз тилин дээрлик билүү деңгээлин көтөрүү, кепти профессионалдык баарлашуунун каражаты катары колдонуу билгичтигин калыптандыруу, тагыраагы коммуникативдүү сабаттуу адисти даярдоо маселеси да турат.

2. Дене тарбиясы жана спорт тармагындагы болочоктогу адистин кеп маданияты анын натыйжалуу кептик ишмердүүлүгүн түшүндүргөн ишинде маанилүү ролду ойнойт. Ошондуктан кеп маданиятын кесиптик түрдө маанилүү билгичтиктердин бири катары эске алуу максатка ылайыктуу.

3. Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жүргүзүлгөн пилотаждык иликтөөнүн жыйынтыктары дене тарбиясы жана спорт тармагындагы болочоктогу адистердин төмөнкү деңгээлде кепке ээ болгонунан кабар берет. Бул кеп маданиятын, кеп ишмердигин калыптандыруу, эффективдүү окутуу каражаттарын издөө боюнча максатка багытталган, системалуу иштин керектигин айтып турат.

4. Дене тарбиясы мугалими профилиндеги ЖОЖдо окуган студенттердин кептик коммуникативдик билгичтиктерин өнүктүрүү – жогорку окуу жайдын билим берүү процессинин шарттарына инсандын кептик адаптациясын өбөлгөлөйт, адистик жана педагогикалык

дисциплиналар боюнча алынган маалыматтардын объективдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыздайт, ой жүгүртүүнүн тактыгын жана ачыктыгын, окуу процессине катышуунун жандануусун өбөлгөлөйт.

5. Компенсатордук, адаптациялык жана өрчүтүүчү функцияларды ишке ашыруу аркылуу биз түзгөн кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун системасы кеп маданиятынын эки деңгээлин өздөштүрүүнү көрсөтөт: нормативдүүлүк деңгээли жана коммуникативдик максатка ылайыктуулук деңгээли, башкача айтканда, бул деңгээлдерди дене тарбиясы жана спорт тармагындагы болочоктогу педагогдорду окутуу жана кесиптик жактан калыптандыруу үчүн зарыл болгон бирдиктүү ЖОЖдук деңгээлге интеграция кылууну билдирет.

6. Тажрыйбанын негизинде бекитилгендей, кеп маданиятын калыптандыруунун жогорку деңгээлин шарттаган негизги факторлор болуп окутуунун мазмунун практикалык багытта өнүктүрүүнүн атайын уюштурулган системасы боюнча окутуу студенттердин кеп байлыгын өстүрүү менен кеп ишмердүүлүгүн жакшыртуу саналат.

7. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө коммуникативдик-максатка ылайыктуу кептин алдыңкы белгилери катары биз тактык, тууралык жана эстетикалыкты бөлдүк, кеп маданиятынын деңгээлин аныктоо үчүн бекитилген критерийлердин негизинде (фонетикалык, грамматикалык, лексикалык) кеп маданиятынын көрсөткүчтөрүн баалоо шкаласы иштелип чыкты жана анын өнүгүү деңгээлдери аныкталды (жогорку, орто, төмөн, өтө төмөн).

8. Кеп маданиятын, ишмердигин калыптандыруу системасы 2 этаптан турат:

1-этаптын маселеси – жалпы кабыл алынган тилдик норманын деңгээлине кепти көтөрүү, ошондуктан кептик учурдан тышкары өткөрүлгөн техникалык тилдик көнүгүүлөр арбын болду;

2-этаптын маселеси – максат, маселе жана шарттарга карата ар кандай учурлардагы адабий тилдин нормаларын көркөм пайдалануу.

9. Курстун болжолдонгон мазмуну дене тарбия адистигиндеги студенттердин кесипке багытталган коммуникативдик компетенцияга ээ болушун өбөлгөлөдү.

10. Кандидаттык диссертациянын материалдары жана жыйынтыктары кафедранын окуу-методикалык арсеналын толуктады жана Кыргыз Мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында студенттерди даярдоодо колдонулууда.

11. Диссертациялык иште биринчи жолу дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп байлыгын өнүктүрүү менен эл алдында чыгып сүйлөө кеп

ишмердүүлүгүнө даярдоо маселеси каралды. Анын ичинен кыргыз тили сабагынын мазмунун улуттук оюндар, акын-жазуучулардын чыгармалары, «Манас» эпосу аркылуу толуктоо элементтерине көбүрөөк көңүл бурулду.

## 4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын жана изденүүчүнүн корутундуларынын негиздүүлүгүнүн деңгээли

Изилдөө ишинин алган корутундулардын негиздүүлүгү жана негиздүүлүгүнүн деңгээли төмөндөгү практикалык сунуштар менен иштелип чыкты:

1. Кеп маданиятын калыптандыруу ЖОЖдун окутуу процессинин шарттарына, инсандын жана келечектеги кесиптик ишмердүүлүктүн коммуникативдик керектөөлөрүнө багытталган өнүктүрүүчү мүнөзгө ээ болушу керек.

2. Студенттердин көңүлүн алардын кесиптик даярдыгынын сапаты жаатында окуу материалдын өздөштүрүлүшүнүн өзгөчө маанилүүлүгүнө буруу зарыл.

3. Студенттердин бала кезден калыптанган кеп маданиятынын баштапкы деңгээлин 1-курстан тартып диагноздоо милдеттүү болуп саналат.

4. Окутуунун баштапкы этабын ишке ашыруу процессинде окуучулардын жеке өнүгүүлөрүн, алардын өз алдынчалуулук даражаларын жана потенциалдуу кептик мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окуу материалынын көлөмү менен мазмунун аныктоо керек.

5. Кеп маданиятына окутуу процессинде студенттердин тилдик даярдык деңгээлине ылайык окутуу процессин оңдоп-түздөө ишке ашырылышы зарыл.

6. Коммуникативдик-ишмердүүлүктүү ыкма ЖОЖдогу даярдык этабында маданияттуу баалашуу кебин натыйжалуу калыптандыруу шарттарынын бири болуп эсептелет.

7. Студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу этап-этабы менен, инсандын тилдик жана кептик билгичтиктерди өздөштүрүшүнө жараша болушу керек (репродуктивдүү деңгээлден продуктивдүү жана көркөмгө чейин), тагыраагы конкреттүү чөйрөлөрдө жана баарлашуу учурларында белгилүү коммуникативдик маселелерди тилдик каражаттар менен чечүү жөндөмдүүлүгү.

8. Окутуу курсу билим берүү процессинде калыптанган көндүмдөр менен билгичтиктер адистик жана спорттук дисциплиналарды окуп-үйрөнүүдө окуу кесиптик багытталган ишмердүүлүккө өткөндөй болуп түзүлүшү керек.

9. Окутуучу үчүн жаралган кошумча кыйынчылыктар кеп маданиятын калыптандыруу – узакка созулган процесс болуп, ал эми окуу сааттарынын саны чектелүү болгондугуна байланыштуу. Мындан улам өзүн-өзү көзөмөлдөө жана өзүн-өзү ондоо мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, студенттердин өз алдынча иштөөсүн туура жетектөөнү ишке ашыруу зарыл.

10. Ошондой эле сөз байлыгын кеңейтүү менен кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу – предметтер аралык мүнөздөгү көйгөй экенин эске алуу керек, ошондуктан студенттердин кептик билгичтиктеринин калыптанышы бир гана кыргыз тили сабактарында эмес, ошондой эле башка предметтерди окуп-үйрөнүүдө бүтүндөй окуу ишмердүүлүк процессинде ишке ашырылышы зарыл.

**5 . Диссертацияда изденүүчү чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жаңылыгынын деңгээли**

*Биринчи жыйынтык.* Жаңы жыйынтык, дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды.

-*Экинчи жыйынтык.* Студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

*Үчүнчү жыйынтык.* Дене тарбия багытындагы студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип чыгылды.

**6. Ички биримдиги жана тиешелүү актуалдуулуу проблеманын, теориялык жанан практикалык милдеттеринин чечилишине арналган жыйынтыктарынын багытын баалоо**

Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевна«Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнчапедагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин негизги жоболору, мазмуну, жыйынтыктары жана корутунду-

сунуштары, дисциплинаны талаптагыдай оутуунун технологияларынын жетишерлик деңгээлде иштелип чыккандыгын далилдейт. Диссертацияда курстун мазмунуна, окутуунун максат-милдеттерине, объектиси менен предметине жана стуктурасына ылайык негизги багыттары, окуу технологиялары, меттоддору, каражаттары, окутуучу менен студенттерге коюлуучу компитенттүүлүктөрү азыркы учурда замандын талабына ылайык көп тараптан өнүккөн, чыгармачыл, өз эне тилин урматтап-сыйлаган, адептүү сүйлөө маданиятына ээ, мекенчил, тилди, маданий-асыл дөөлөттөрүбүздү сактап кала турган, өзүнүн сак-саламатчылыгына кам көргөн, ага аң-сезимдүү, маданияттуу мамиле жасаган дене тарбиясы жагынан туура өнүккөн студенттердин тилдик-коммуникативдик кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү, сөз корунун бай болуунун багыттары көрсөтүлгөн жана алар экспериметте далилденген.

## 7. Диссертациядан алынган жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу жана алынган оң натыйжалары

Изденүүчүнүн бул ишинде теориялык-методикалык жана практикалык мааниси булар менен бааланат, т.а. илимий иштин материалдары жогорку окуу жайларында кыргыз тилин жаңылатылган багыттоодо окутууда, кыргыз тилин окутуунун программаларын, стандарттарын, концепциясын, окуу-методикалык комплекстерди түзүүдө, дене тарбия багытынан тышкары филолог эмес факультеттердеги студенттерди даярдоодо жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда тиешелүү деңгээлде жардам берет.

Иште төмөндөгүдөй багыттарда алгылыктуу оң натыйжалар алынган:

1. *Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү багытында:*

1. Омурова А.М. Студенттердин кеп ишмердүүлүгүнө окутуп-үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери. [Текст] / Омурова А.М.// И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы.Бишкек, 2015,56-59 б.б.
2. Омурова А.М. Алыкул Осмоновдун дене тарбия багытындагы чыгармаларын окутуу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.Атайын чыгарылыш. [Текст] /Омурова А.М.//Бишкек, 2015, 227-230 б.б.
3. Омурова А.М. Кыргыз акындарынын көркөм тексттеринин мисалында студенттердин оозеки, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун айрым маселелери.И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы.[Текст] /Омурова А.М. // Бишкек, 2015, 88-91 б.б.
4. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун инновациялык методдору. Кыргыз билим берүү академиясы Кабарлары [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2015, 292-297 б.б.

5. Омурова А.М. Дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. [Текст]/ Омурова А.М. // Бишкек, 2015, 130-134 б.б.

6. Омурова А.М. Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары II Эл аралык симпозиуму Кыргыз элинин кыймылдуу оюндарын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.[Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2016.

7. Омурова А.М. Студенттердин диалогдук жана монологдук кепке окутуп-үйрөтүүнүн жолдору жана ыкмалары. [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2016.

8. Омурова А.М. Кыргыз тили сабагында студенттердин оозеки кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмалары жана формалары. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Дене тарбия жана спорт Жарчысы[Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2016, 137-140 б.б.

9. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууда Жеңижок менен Токтогулдун санат ырларынын окутуп-тарбиялоочулук маани-маңызы. [Текст]/ Омурова А.М. // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы.Бишкек, 16-март, 2017-ж.402-407 б.б.

10. Омурова А.М. Дени сак муунду тарбиялоодогу адистердин жазуу жана окуу кеп ишмердүүлүгү өстүрүүдөгү дидактикалык чыгармалардын мааниси [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек 17-май, 2017-ж.

11. Омурова А.М. Спорттун улуттук түрлөрү жана дүйнөлүк көчмөндөр оюндары: тарыхый мурас жана келечеги эл аралык илимий-практикалык конференцияда «Манас»эпосунун дени сак муунду тарбиялоо идеясынын негизинде спортчу-студенттердин сүйлөө жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу. [Текст] / Омурова А.М. // Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Дене тарбия жана спорт Жарчысы.Чолпон -Ата, 2017, 197-201 б.б.

12. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн кыргыз элинин чүкө менен ойнолучу оюндарын окутуу аркылуу өстүрүү. [Текст] / Омурова А.М. // Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Дене тарбия жана спорт Жарчысы.Бишкек, 2018, 99-103 б.б.

13. Омурова А.М. Кыргыз элинни кыймылдуу оюндарын окутуу аркылуу дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү. [Текст] / Омурова А.М. // 2019, №5 (30). С.60-63 Россияская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы.

14. Омурова А.М. Боз үй – кыргыз элинин дүйнө таанымы [Текст] / Омурова А.М. // 2019, Россия.

15. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн айрым маселери. [Текст] / Омурова А.М. // 2020,

16. Дене тарбия багытындагы студенттердин кесиптик кеп ишмердүүлүнө ээ кылуунун
өзөктүү проблемалары.[Текст] /Мусаева В.И., Омурова А.М. // 2021,

**3 Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат, негизинен, диссертациянын мазмунуна, коюлган максаты менен милдеттерине, алардын чечилишине дал келет.

Авторефераттын кыргызча, орусча жана англисче резюмелери бар, алар бири-бирине дал келет.

**8. Жетектөөчүүюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар менен алардын негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттиккомиссиясы жетектөөчү мекеме катары С. Наматов атындагы мамлекеттик университети кыргыз тилии жана адабияты кафедрасына сунушталат.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тили жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илиминин доктору, профессор Ж.А. Чымановду сунуш кылат (13.00.02). (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университинин филологиялык билим берүүнүн технологиялар кафедрасынын профессору). Анын эмгектери:

1. Кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы: монография – Б.: Турар, 2009.- 488б.
2. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери: Окуу куралы Б.: 1997.- 97б.
3. Тил илимине киришүү Жогорку окуу жайларынын филология факуьтетинин студенттери үчүн окуу китеби. – Б.: Эркин – Тоо, 2001. –247 б. (авторлоштор Мусаев С., Маразыков Т.)
4. Кыргыз тили: Сабактын теориясы жана практикасы: Окуу куралы. – Б.: Айат, 2007.- 104 б.
5. Кыргыз тили: Окутуу методдору: Окуу куралы. – Б.: Айат, 2007.- 100 б.
6. Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабактын талдоонун методикасы: методикалык колдонмо. - Окуу куралы. – Б.: Турар, 2009.- 64б.

Экинчи расмий оппонент катары кыргыз тили жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты А.М.Исираилованы сунуш кылат (13.00.02). (И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин кыргыз тили кафедрасынын доценти). Анын эмгектери:

1. Кыргыз кеп маданияты: Усулдук колдонмо. – КМТУ «Текник». – Бишкек, 2007. – 102 б.
2. Кыргызча сүйлөшүү этикетинин үлгү-моделдери жана аларды окутуу (окуу куралы). – «Алтын тамга». – Бишкек, 2014. – 188 б.
3. Кыргызча сүйлөшүү этикети (окуу куралы). Киргизский речевой этикет (учебное пособие) – «Алтын тамга». – Бишкек, 2016. – 192 б.
4. Кыргыз тили (илимий стиль) «Текник». – Бишкек, 2016. – 62 б.
5. Кыргыз тили (башталгыч топторго багытталган окуу куралы) – «Сарыбаев Т.Т.». – Бишкек, 2020. – 133 б.
6. Маалыматтык технология багытында кыргыз тилин окутуу (окуу куралы) – «Сарыбаев Т.Т.». – Бишкек, 2020. – 98 б.

Эксперттик комиссия сунуш кылган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиянын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.20.623 кеңешинин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) шифрине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коргоого сунушталат.

Эксперттик комиссиянын төрагасы: Ж.А.Чыманов, п.и.д. профессор.

Ж. А. Чымановдун колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы

Дата поступления заключения
Д 13.20.623
15.03.2021 г.
Уч. сек.: Осурбаев Д.К.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
МГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын Д13.20.623 диссертациялык кеңештин эксперти п.и.д., доцент **Мукамбетова Айгуль Садырбаевнанын** 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Омурова Айна Молдогазиеванын "**Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы**" деген темадагы диссертациясына берген

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт п.и.д., доцент **Мукамбетова Айгуль Садырбаевна** изденүүчү Омурова Айна Молдогазиеванын "**Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы**" деген темадагы диссертациясына карап чыгып,төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин (Д13.20.623) профилине туура келет. Иште адистикке туура келүүчү дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы каралып, ал азыркы учурдун талабында турган окутуунун методикаларын жетекчиликке алуу менен аткарылган. Ал аталган багыттагы студенттердин кыргыз тилинде сүйлөө көндүмдөрүн өстүрүү маселесин изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана анын жыйынтыгын педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү эсептелет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1) Жогорку окуу жайларында студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык, методикалык абалын тарыхый жана дидактикалык талдоо;

2) Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн материалдарын педагогикалык эксперименттен өткөрүү;

3) Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыштандыруунун ыкмаларын, формаларын жана мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыгуу.

Коюлган максатка жетүүдө изденүүчү тарабынан коюлган милдеттер иште бир нече этапта аткарылган, аны аткаруу үчүн тийиштүү каражаттары менен камсыз болгон эксперимент жасоо методдору туура тандалып алынган. Изилдөө

жумуштары изденүүчү тарабынан логикалык жактан туура белгиленип, аны эксперимент учурунда жасалган жумуштар толук канаатандырып, максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн ынанымдуу түзө алган.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациясынын максат жана милдеттерине ылайык келет.

Изденүүчү изилдөө учурунда тажрыйба жүргүзүүнүн методдорун ынанымдуу пайдаланган да ал диссертациянын милдеттерин заманбап шарттар менен кароого мүмкүнчүлүк берген. Иште изденүүчү сунуштаган статистикалык талдоолор адекваттуу иштелип, практикада колдонууга ыңгайлуу ык-усулдарды чагылдырып, ар бир милдеттин аткарылышына ылайык келет

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** кийинки мезгилдерде жогорку кесиптик билим алган адистердин кыргызча сүйлөшүүсү, расмий шартта өз пикирин кыргызча билдирүүсү кескин начарлап барат. Андай көрүнүш дене тарбия багытында да бар экендиги талашсыз. Изденүүчү бул диссертациялык изилдөөсү менен коомдук-социалдык чөйрөнүн алдында турган ошол маселени чечүү аракетин көргөнү педагогика илиминдеги актуалдуу маселеге кайрылганын көрсөтөт. Бул иште көрсөтүлгөн методикалык иштер окуу процессинде өз ордун тапса, дене тарбия багытында кыргызча сүйлөө үчүн бир катар маанилүү иштер аткарыла турганы белгилүү.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөө аракети канааттандыраарлык деп эсептөөгө болот. Темага байланыштуу илимий адабияттардагы маалыматтарга анализ жүргүзүүнүн даражасы орточо деңгээлде. Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий-изилдөө актуалдуумаселеге арналып, өз учурунда жазылган деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар** иште кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча илимдин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ маселелерди камтып, азыркы мезгилде адистердин кыргыз тилинде кептик ишмердүүлүгүн калыптандырууга тиешелүү айрым ык-усулдарды, окутуу формаларын окуу процессине жайылтуу аракетин көргөнү менен алгылыктуу болуп саналат. Ал кыргыз тилин окутуу методиксы боюнча илимий жактан негизделген төмөндөгүдөй теориялык натыйжалар берет:

1.1. Алынган натыйжаларда дене тарбия багытындагы студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуунун илимий багыттары аныкталып, анын модели түзүлгөн; Дене тарбия багытында студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыккан. Бирок кайсы сабактын, кайсы курстун жана канча сааттын көлөмүндө жасалганы так көрсөтүлгөн эмес.

1.2. Иштин илимий натыйжалары ишенимдүү иштелган, материалды жыйноо ыкмалары жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө жумуштары

изденүүчү тарабынан аткарылган практикалык иштерге негизделип, жекече салыштыруулар менен жыйынтыгы белгиленген.

1.3. Иштин теориялык маанисин алсак жаңы теориялык ойлорду практикада колдонуу аракеттери илимий теорияны терендете албай. Анткени изденүүчү тарабынан жекече иштелип чыккан концепция жетишсиз.

1.4. Иштин аткарылышы коргоого алып чыккан квалификациялык белгилерге туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар кыргыз тилин дене тарбия багыттарында окутууда, анын методикасын жакшыртууда колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертциянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчөлүштүктөр:**

А) Кептик ишмердүүлүк өтө кеңири түшүнүк, аны изденүүчү конкреттештирүү менен алса болмок. Маселен, дене тарбия багытындагы студенттердин оозеки же жазуу кебин өстүрүү маселесин бөлүп караса иш мындан да натыйжалуу болмок.

Б) Изилдөө объектисин тандоодо дене тарбия багытындагы студенттердин курска тиешелүү өзгөчөлүгү менен алса, эксперименттин жүрүшү да, жыйынтыгы да ынанымдуу ачылмак.

**7. Сунуштар:**

1) Кийинки мезгилдерде Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсү боюнча бир катар мамлекеттик документтер кабыл алынды. Алардын бири да иштин мазмунунда көрсөтүлгөн эмес, аны иште сөзсүз камтуу зарыл;

2) Дене тарбия берүү багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, окуу планы, ж. б. мамлекеттик документтер иште талдоого алынышы керек;

3) Дене тарбия берүү багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык түзүлгөн силлабустар менен окуу-методикалык комплексттер, алардын окуу жайларда иштелиши, аларды иштеп чыгууну мыйзамдаштырган окуу жайдын жоболору изденүүчүнүн жеке анализинен өтүшү маанилүү.

**8. Сунуштамалар:**

Илимий изилдөө азыркы илимий-теориялык ойлорду, бул багытта иштелген Кыргызстандык, чет элдик окумуштуулардын эмгектерине теориялык да, практикалык да мазмунда баа берүүсү зарыл экенин сунуштайбыз. Бул багытта улуттук педагогикада бир катар иштер аткарылганын белгилей кетели. Ал эми иште бир эле автордун эмгектери илимий адабият катары кириптир.

**9. Корутунду:**

Иште буга чейин биз тарабынан белгиленген кемчиликтер изденүүчү тарабынан ондолгонуна байланыштуу иш өз максатына жетти.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти п.и.д., доцент **Мукамбетова Айгуль Садырбаевна** изденүүчү Омурова Айна Молдогазиеванын “**Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы**” деген темада сунуш кылынган диссертациясын экинчи сыйра карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д13.20.623 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн коргоого кабыл алынуусун сунуш кылат.

Эксперт п.и.д., доцент **А.С.Мукамбетова**

Дата: 16.03.2021

А.С. Мукамбетованын колун тастыктаймын
Билим башкармасы [illegible] А. А.

Дата поступления заключения
в ДС Д 13.20.623
15.03.2021 г.
Уч. секр. [illegible] Дж.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.20.623 диссертациялык кеңештин эксперти, п.и.д, профессордун м.а., Сыдыкбаева Мира Медеркуловна 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча **педагогика илимдеринин кандидаты** окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Омурова Айна Молдогазиевнанын «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт, п.и.д.,проф. м.а., М.М. Сыдыкбаева изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевнанын «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» деген темадагы13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аталышындагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште, 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги паспортуна толугу менен ылайык келген проблемалар камтылган. Диссертант, дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча илимий - теориялык жана илимий-методикалык жактан изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

2. **Иштин максаты катары:**

Жогорку окуу жайларынын дене тарбия багытында билим алып жатышкан студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүгө керектүү усул,

ыкмаларды иштеп чыгуу, бул багыттагы окуу колдонмолорду, окуу программаларды сунуштоо, кыргыз тилин окутуунун илимий-методикалык кээ бир маселелерин аныктоого, анын заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуш кылуу эсептелинет.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Жогорку окуу жайларындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү талдоо жана анын дидактикалык принциптерин аныктоо;
2. Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдарын педагогикалык эксперименттен өткөрүү;
3. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмаларын, формаларын жана окутуунун мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыгуу;
4. Дене тарбия багытында билим алып жатышкан студенттердин сөздүк корун, кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн, байытуунун лингводидактикалык принциптери;
5. Кыргыз тилин окутуунун методикасында кыргыз элинин улуттук оюндары аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн усулдары, формалары жана модели;
6. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн, сөздүк корун байытууда, калыптандырууда "Манас" эпосундагы улуттук оюндарга багыттап окутуу технологиясын практикага киргизип, аларды келечекте жүзөөгө ашыруунун, өркүндөөтүүнүн жолдорунун тууралыгын эксперттик сыноодон өткөрүү, жыйынтыгын практика киргизүү.

Коюлган милдеттерге педагогикалык эксперименттик методдун башкы максатын ишке ашыруу үчүн эксперименттик иштер үч этапка бөлүнүп жүргүзүлгөн. **1) Аныктоо этабында** эксперименттин максаттары, милдеттери аныкталып, кеп ишмердүүлүгүнүн деңгээлин аныктоочу сурамжылоолор жүргүзүлүп, алардын жыйынтыгы чыгарылган. **2) Изденүү этабында** төмөндөгү маселелер коюлду: кеп маданиятынын практикалык жактан маанисин аныктоо; экспериментке катышуучу текшерүүчү жана контролдук топтор аныкталды; эксперименттик материалдарды толугу менен камсыз кылып, даярдоо иштери жүргүзүлдү. **3) Эксперименттик методдун окутуу этабына** эксперименттик материалдар, алардын иштелмелери окутуунун жүрүшүнө сунушталды; текшерүү методдору: талдоо, анализдөө иштери жүргүзүлдү; жыйынтыктоочу тесттер: эксперименттик жана

текшерүүчү топтордун жыйынтыктары сандык жана сапаттык анализдер чыгарылып, практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн объектиси:** жогорку окуу жайларынын дене тарбия багытында билим алып жатышкан студенттерге кыргыз тили сабагын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмет:** дене тарбия адистигиндеги студенттерге кыргыз тили дисциплинасын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү илимий изилдөөнүн негизги материалдары болуп саналат.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациясынын максат жана милдеттерине ылайык келет.

Диссертациялык изилдөөдө салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперменталдык жана статистикалык) колдонгон. Илимий-теориялык методдун алкагында тандалып алынган темага байланыштуу нормативдик документтер, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынып, жалпылаштырылып, жыйынтыгында аткарыла турган илимий-изилдөөнүн жумушчу божомолу негизделген. Эмприкалык-практикалык методдун алкагында байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета толтуруу, тест жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын анализдөө жана синтездөө, сабактарга катышуу, талдоо, тажырыйбаларды үйрөнүү иштери жүргүзүлгөн. Тажырыйбалык эксперимент мезгилдеги аныкталган кемчиликтер менен жетишилген ийгиликтердин пайыздык катышы аныкталып, изилдөөдөгү жаңылыктар, өзгөчөлүктөр айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Бүгүн кеп маданияты – адамдын жалпы маданиятын түзгөн бөлүктөрдүн бири, ал инсандын ой жүгүртүү маданиятын, жүрүм-турум маданиятын чагылдырат, көпчүлүк учурда инсандын руханий жана нравалык келбетин мүнөздөйт, анын коммуникативдик ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүнө таасирин тийгизет, ал эми ишмердиги түздөн-түз кептик баарлашуу менен байланышкан адамдар үчүн алардын кесиптик ийгилигинин олуттуу мааниге ээ болушу шарт болуп саналат.

Диссертацияда дене тарбиясы жана спорт чөйрөсүндөгү болочок адистердин жалпы эле кеп ишмердигин өрчүтүүнү изилдөөгө О.М.Чусовитна, И.Н.Решетень, И.Х.Кобер, М.В.Прохорова, Н.В.Киршева, И.П.Андриади, И.В.Дятловская, В.П.Косихин, Т.А.Маркина, И.Ю.Люлевич, Е.П.Ильин ж.б. өз эмгектерин арнагандыгы, окуу-машыгуу сабактарын жана тарбиялоочу ишти жүргүзүүдө педагогдун жандуу кеби негизги каражат

болуп саналаары, дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп маданиятын өстүрүүдө улуттук спорт жаатындагы эмгектерге таянуу зарылдыгы сунушталган.

**3.Илимий натыйжалар.**

Иште дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгү өстүрүүнүн методикасы педагогика илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы:

1.1. дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды;

1.2. студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

1.3 дене тарбия багытындагы студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип, төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

- дене тарбия багытындагы студенттердин мамлекеттик тилдеги сөздүк корун байытуунун илимий багыттары, кыргыз тили сабагында кеп ишмердүүлүгүнө окутуунун методикасы, кеп маданияты илими боюнча илимий изилдөөлөр, инсанды дене тарбия жагынан өнүктүрүү теориясы, жеке инсандын сак-саламаттыгына багытталган окутуу методологиясы, тилдик-коммуникативдик жактан окутуп-тарбиялоонун теориялык маселелери камтылган.

- Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөөдө кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар төмөнкүлөрдө ишке ашырылды: жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтеринде кеп ишмердүүлүгүнүн орун алуусу талдоого алынган. «Дене тарбия» багыты (532000) боюнча Мамлекеттик стандарт КМДТСАсынын окуу-усулдук бирикмесинде 2012-жылы иштелип чыккандыгы, анда “1-ден, мамлекеттик тилдин грамматикасын, лексикасын, орус тилин жана бир чет тилди билүү менен студенттин сөз байлыгы 2000 сөздөн кем эмес болуш керектиги; 2-ден, кыргыз тили, орус тили жана бир чет тилинин негизги сөздөрүнүн жана кесиптик сөздөрдүн айтылышынын

эквиваленттерин билүү зарылдыгы" айтылгандыгын белгилеген. Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруудагы кыргыз тили дисциплинасынын окуу программасына өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталган.

Ошондой эле педагогикалык эксперименттик метод аркылуу өткөрүлгөн тажрыйбалык иштердин жүрүшү жана андан алынган натыйжалардын жыйынтыктары чагылдырылган. Изилдөө боюнча педагогикалык тажрыйба үч этапта өткөрүлгөн. Сабактарда улуттук спорт, оюндар боюнча сөз байлыгын өстүрүп, таза сүйлөөгө, кеп адебин сактоого, үйрөнүшүп, сүйлөө техникаларына ээ болушкан.

Тажрыйбадан алынган оң жыйынтыктар изилдөөчү тарабынан коюлган илимий божомолдун туура экендигин жана изилдөөнүн алдына коюлган милдеттер натыйжалуу ишке ашырылгандыгын далилдеди.

1.3. Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):

Иштин теориялык мааниси, алынган жыйынтыктардын мааниси жаңы болуп эсептелинет. Илимий концепцияны байытууга салымы бар.

1.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши :
Диссертациялык иштин жыйынтыгын илимдин тиешелүү тармагындагы келечектүү багытын өнүктүрүүдөгү жетишкендик катары мүнөздөсө болот.

**4.Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**
Негизги теориялык тыянактардын тууралыгы, иштелип чыккан методикалык сунуштардын натыйжалуулугу Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика жана улуттук спорттун түрү, машыктыруу, аскерге чейинки даярдоо жана дене тарбия факультеттеринин студенттери менен педагогикалык эксперименттик метод аркылуу текшерилген. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана эл аралык симпозиумдарда талкууланган.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**
Автореферат толугу менен диссертциянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчөлүштүктөр:** Диссертациялык иште, авторефератта техникалык каталар кетирилген. Айрым стилдик мүчүлүштүктөр да бар. Бирок, айтылган кемчиликтер иштин жалпы мазмунуна кедергисин тийгизбейт.

**7. Сунуштар:** Көнүгүү-машыгуулардын системасы, атайын практикалык сабактардын иштелмелери ж.б. материалдар дагы арбыныраак болуусу абзел. Дене тарбия багытында кесипке тиешелүү терминдер, алардын түшүндүрмөлөрү да кененирээк берилиши жөндүү.

**8. Сунуштамалар:** Сунуш кылган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиянын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.20.623 кеңешинин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) шифирине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши талкууга коюга сунушталат.

**9. Корутунду:** Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы диссертациялык иши, толук бүткөн иш катары кароого болот. Диссертациялык иште биринчи жолу дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү, эл алдына чыгып сүйлөөгө даярдоо маселелери каралган. Иштин жыйынтыктарын тармактык масштапта колонууга болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д13.20.623 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча **педагогика илимдеринин кандидаты** окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аталышындагы диссертациялык ишти кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
педагогика илимдеринин доктору, проф. м.а., **Сыдыкбаева М.М.**

Колу Дата

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления заключения в ДС Д 13.20.623 15.03.2021г 24.02.2021